## №5 жалпы билим берүү орто мектебинин

## "Терроризмдин алдын алуу"боюнча өткөрүлгөн жыйындын

№12-Протоколу

27.02.2020.

Майлуу-Суу шаары

**Катышкандар**: окуучулар,мугалимдер

1. Эркинбек уулу Нурсултан- шаардык УКМК башкармалыгынын кызматкери
2. Р.С.Кенжеева-мектептин директору

**Күн тартибинде:**

1.Терроризмдин алдын алуу

2.Ар кандай маселелер

**Угулду**: №5 жалпы билим берүү орто мектебинин директору Р.С.Кенжеева жыйынга келген конокту тааныштыруу менен, алгач сөздү шаардык УКМК башкармалыгынын кызматкери Эркинбек уулу Нурсултанга берди.Терроризм-саясий жана экономикалык максаттарда мыйзамсыз жолдор менен жетүүгө аракет жасоо.Терроризмдин негизги максаты- кандайдыр бир чакырыкка же болбосо саясий келишпөөчүлүккө коомдун көңүлүн буруу,б.а. саясий бийликке таасир көрсөтүү,коомду коркутуу.Бүгүнкү күнү зордук зомбулук,экстремизм,терроризм,дүйнөдө бардык адамзатка тынчтык бербей,жашоодо чоң коркунучтарды жаратууда.Өкүнүчтүүсү экстремисттер өздөрүнүн көздөгөн саясий же башка максаттарына жетүүдө динди пайдаланууда.Терроризмдин күч алуусуна бул адамдардын сабатсыздыгы,чөйрөнүн терс таасири,үй-бүлөдөгү,билим берүү тармагындагы тарбиянын жетишсиздиги,сырткы таасирлер себеп болууда.Терроризмди көбүнчө дин аркылуу таркатуу менен жаш өспүрүмдөргө таасирин тийгизип,алардын арасында ар кандай кылмыштуулуктардын болуусун күчөтүүдө.Кыргызстан үчүн кооптуу,террорчул-экстремисттик деп саналган 13 уюмдун тизмеси бар.Андыктан жаштарыбызга терроризм боюнча туура так маалымат берип туруубуз зарыл.Сөзүнүн аягында ар бирибиз жакшы жолду тандоого аракеттенүүбүз керек деп баса белгиледи.

Биринчи маселе боюнча жарыш сөзгө мектептин соц педагогу М.А.Акинбекова чыгып төмөнкүлөргө токтолду.Өз сөзүндө диний агымдар көбөйүп кеткендигин айрыкча Вахабизм,Хизбут-Тахрир,Акрамия,Баптистер жана башка көптөгөн каттодон өтпөгөн диний агымдар негизинен адам баласынын жашоосуна кереги жок салттар,ырымдарды,Ислам динин бурмалоо менен жаштарды өз катарларына кошууга катуу аракеттенип жатышат.Ошол себептүү мектепте жаш өспүрүмдөргө өзгөчө көзөмөл жүргүзүлүп,класстык сааттар,чогулуштар өтүлүп,түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат.

**Токтом:**

1.Ар кайсы улуттун динин сыйлоого сабырдуу жана достук мамиледе болуу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы мугалимдерге милдеттендирилет.

2.Окуучулар арасында терроризмге жол бербөө,каршы күрөшүү жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы мугалимдерге,ата-энелерге милдеттендирилет.

Жыйындын төрайымы: Р.С.Кенжеева

Катчы: С.А.Кадырбекова



**Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинде"Өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун алдын- алуу"деген темада өткөрүлгөн жыйындын**

№5 Протоколу

26.02.2019 Майлуу-Суу шаары

**Катышкандар**:
1.Шаардык мэриянын вице-мэрдин милдетин аткаруучу Масирова Ч.С.
2.Шаардык билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси Акамбаева Р.Ж.
3. Шаардын эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын башкы адиси Татикулова Г.М.
4.ШИИБнүн ИДНкызматкери Жеңишбек у.Куштарбек
5.Шаардын баш имам хатиби Эркинбеков А.Э.
6. Мектеп директору Белекова Ж.М.
7. Уюштуруучу Орозова Г.Б
8. Соц педагог Бабаназарова Ч.А.
Акинбекова М.А.

**Каралуучу маселелер**:

1.Жаш өспүрүмдөр арасындагы ар кандай кылмыштуулуктарды алдын-алуу.

2 Ар кандай маселелер.

**Угулду:**

Мектептин уюштуруучусу Ж.М.Исмаилова келген коноктор менен тааныштырды.

**Угулду:**

Шаарыбыздын вице-мэрдин милдетин аткаруучу Ч.А.Масирова Дүйнөнү каптаган пандемияга байланыштуу мектептер ачылбай атканы сиздерге маалым.Өткөн жумада 12,13,14,15,16 курактагы өспүрүм балдар ортосунда мушташ чыккан.Ошондуктан ата-энелер балдарыңыздарды көңүл буруу менен кайда жүргөнүн көзөмөлдөп турсаңыздар."Тарбия-үй-бүлөдөн башталат"-деген сөз бекеринен айтылбаса керек.Жаңы жылдык кечелер,дискотекалар уюштурулбайт.Ар бир баланын коопсуздугу ата-энелерине жүктөлөт.

Сөзгө чыкты: Сасыкеев Нурмамат (ата-эне) балдарга телефон терс таасирин тийгизип жатат. Азыркы заманда балдарды тарбиялоо ата-энелерге да оор.

Угулду: Жаш өспүрүмдөр менен иштөөинспектору Жеңишбек уулу Куштарбек Биз жаш балдардын тартипсиздиги боюнча иш алып баруудабыз. Булардын мушташышынын максаты лидерликти талашуу деп ойлодум. Шаарыбызда 200дөй балдар колуна таяк, темирден армотураларды кармап чыккан. Бири-бирин чаба турган болсо, өлүмгө чейин алып барат. Балдардын тартипсиздиги ата-эненин берген тарбиясы. Мисалы, кечеги болгон окуяда мугалимди эмне үчүн күнөөлөйбүз. Түн жарымында болгон окуяда ата-энелер күнөөлүү. Эмне себептен түнү кечеге чыгарасыздар? Келгиле, азыркы кырдаалда чогу биргеликте иш алып баралы.

Угулду: Шаардык имамы Эркинбеков Апсаттар Эркинбекович
Саламатсыздарбы! Бул жыйындын максаты-насаат айтуу, кеңеш айтуу деп түшүндүм. "Кеңешип кескен бармак оорубайт" демекчи сиздерден сураныч кеңешип алалы. Шариятта ата-эненин милдети: туура тарбия берүү, ата-энелер балдарга үлгү болу̇у. Кечеги мушташтын себеби, бекерчилик, үй-бүлөдогу көңүл бурбагандык, балдарды бир нерсе менен алектендирип, тапшырмаларды берели. Үй-бүлдөдө жоопкерчилик атага жүктөлөт. Аталар, сураныч, тартипти көзөмөлдөйлү. Балдарга катуу айтып, бала үчүн дуа кылып туралы. Баланын тарбиясына адал тамак менен, арам тамактын таасири күчтүү. Мисалы, азыркы учурда кененчиликте колдонулган ичимдик, арам тамактын катарып толуктап, балдардын тарбиясына терс таасир берүүдө.

Сөзгө чыкты: Молдобаева Мария Төлөгөновна
Онлайн окутууну жойгула. Салттуу түрдө окуу башталсын.

Сөзгө чыкты: Шаардык вице-мэрдин милдетини аткаруучу Масирова Ч.С.
Короновирус оорусу күч алгандыгы үчүн бизге уруксат берилген жок. Статистика боюнча биздин Майлуу-Суу шаарбыз ооруу күч алган аймактардын катарын толуктоодо.

Сөзгө чыкты: Молдобаева Мария Төлөгөновна
Урматтуу милиция кызматкери сизден сураныч балдар мушташкан жерлерди атап көрсөтүп койсонуздар.

**Сөзгө чыкты**: Жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспектору Женишбек уулу Куштарбек

**Бизде балдардын мушташы болгон жерлер белгилүү. Бирок, балдарыбыз ар кайсы жерге барып, мушташ уюштуруп жатышат.**

**Угулду**:

**Шаардык билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси Акамбаева Райкан Жамалдиновна**

Урматтуу ата-энелер силер балдардын телефондо эмне менен алек экендигин көзөмөлдөнүздөр. Биз мугалимдер телефон колдонууга тыюу сала албайбыз. Себеби, баардык нерсе электрондук түрдө болуп жатат. Болгону телефондо эмне кылып жатышат ошону карасаныздар.

Сөзгө чыкты:

Милиция кызматкерлери силерден сураныч, бизге жакын 50леттеги жатаканын жанын түнү карасаныздар. Себеби мен жакын жашагандыктан, түнү менен ызы-чуу болушат.

Сөзгө чыкты: Жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспектору Женишбек уулу Куштар

Бизге сиз айткан маалымат боюнча билдирүү түшкөн. Тапшырмалар берилип текшерүү болуп жатат. Сиздер менен чогу иш алып баралы сураныч.

Угулду: Шаардык билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси Акамбаева Райкан Жамалдиновна

Урматтуу ата-энелер келгиле сиздер менен чогу иш алып баралы. Биз түнкү иштеген жерлерге рейд жүргүзүп жатабыз. Рейддин жүрүшүндө окуучу балдардын түнү менен көчөдө экендигин факт түрүндө сүрөткө тартып алдык. Жүргөн жерлердин, кафелердин, клубдардын жетекчилерине жоопкерчиликти жүктөдүк. Ал эми ата-энелер сиздерден сураныч түнү балдарды көчөгө чыгарбаныздар. Мындай кырдаалда, каникул убагында балдардын коопсуздугу жана жоопкерчили ата-энелерге жүктөлөт.

**Жогорудагы маселелерди угуп, токтом кылат**

1. Жаш өспүрүмдөрдүн арасында укук бузууларды алдын-алуу боюнча ата-энелер менен чогу иш алып барылсын.
2. Кышкы каникул убагында балдардын коопсуздугу жана жоопкерчилиги ата-энелерге жүктөлсүн.







